Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңешинин депутуттарын шайлоонун
мыйзамдуу өтүүсүн камсыз кылуу үчүн
түзүлгөн штабдын мүчөолоруно

Кыргыз Республикасынын Президентинин
Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу
өкүлү М.К.Кожоевке

Област прокурору А.Калмурзаевке

Областык ИИБ жетекчисн К.Жумагазиевке

Областык УКМК жетекчисине

Аймактык шайлоо коммисиясына

№35-бир мандаттуу округунан Жогорку
Кеңешке депутаттыка катталган
талапкерлерден:

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 02-15/4425
"18" 11 2021 ж/г

## АРЫЗ

Кыргыз Республкасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоого болгон үгүт иштеринин башталганына бүгүн 18 күн болду. Үгүт иши башталаарда областык администрация имаратынын жыйындар залында жалпы талапкерлер областык штаб менен жолугуп, бир катар эрежелерди кабыл алган элек. Шайлоону адилеттуу өткөрүп, ар кандай теңсиздиктерге, административтик ресурсту колдонтпоо тууралуу, Президенттин областагы өкүлү соз берди эле. Ошондо, талапкерлер менен бүгүн акыркы жолу кезигип жатам деп соз берген.

Тилекке каршы, үгүт иштери башталгандан бери саясий теңсиздикти айрым талапкерлер сезе баштадык. Жергиликтүү бийлик эл менен жолугууга болуп, даярдап койду деген имараттар, маданият үйлөрү, биз барган убакта жабык болуп жатат. Мисалы бүгүн 15.11.2021-жылы саат 14:00 до Талды-Суу айылында спорт комплексте жолугушуу болмок. Графигин түзүп, аймактык шайлоо комиссиясы печать басып тараткан. Аталган спорткомплекске белгиленген убакта 6 талапкер бардык. Спорткомплексте машыгуу болот деп, бизди кууп чыкты.

Бирок ошол эле убакта айрым талапкерлердин жолугушуусуна жергиликтуу бийлик өзгочо мамиле кылып жатат.

Биздин арыз жазуубузга төмөндөгү фактылар себеп болду:

Социалдык тармакта 12-ноябрь 2021-жылы Каракол шаарындагы «Хан-Теңири» тойканасында Ысык-Көл областындагы К.Жантошев атындагы драма театрынын директорунун 50 жылдык юбилейине арналган той откоп экен. Аталган тойго областык

бир катар жетекчилер, Президенттин облустагы өкүлүнүн коштоосунда болгон. Андан сырткаары бир катар район акимдери да сый коргон. Ошол тойдо тамада, бул тойдун башкы демөөрчүсү Акылбек Түмөнбаев экенин жарыя кылган.

Айткандай эле, тойдон кийин 14.11.2021-жылы талапкер А.Түмөнбаевдин Каракол шаарындагы шайлоочулар менен жолушуусу К.Жантөшев атындагы драма театрында чоң аншлаг менен өттү. Театр Түмөнбаевдин урматына өзгөчө жасалгаланганын байкадык.

Ушул фактыдан кийин, калган талапкерлер, Түмөнбаев бийлик тараптан бата алган талапкер катары таанып калдык. Болбосо эмне мынча кош стандарттуулук орун алат. Калган талапкердин баарын график менен Кудургу айылына жиберип коюп, Түмөнбаев драма театрда эл менен жолугушат. Ошол бизге берген график боюнча Түмөнбаев да барууга тийиш эле.

Андан сырткаары, талапкерлердин бири Болтуруков О.А. 14.11.2021-жылы Каракол шаарындагы драма театрында Түмөнбаевдин жолугушуусуна катышып, кырдаал тууралуу айткан. Сыртка чыкканда Түмөнбаевдин адамдары келип, Болтуруковко 10 000 (он миң) сом акча берген

Жогорудагы фактылардын баарын териштирип, кыска мөөнөттүн ичинде жооп беришиңиздерди талап кылабыз

**№35-бир мандаттуу шайлоо округунан талапкерлер:**

**1.Молдоташев И.**______________________

**2.Болтуруков О.**______________________

**3.Каниметов А.**______________________

**4.Мусалиев К.**______________________

**5.Жанузаков А.**______________________

**6.Супатаева А.**______________________

**7.Сарыбаев Т.**______________________

получил: [signature] 1 УКНБ КР по И-К области.

Получил Кер... 15.11.2021-г. дежурный сл. по гра,